**УДК: 81.374.4:663.6(575.2)(04)**

**DOI 10.53473/16946324**

**Анарбай кызы Уулжан**
“КЭАУ” ОИӨКнын кыргыз-орус
тилдери кафедрасынын окутуучусу
**Анарбай кызы Уулжан**
Преподаватель
кафедры кыргызско-русского языков УНПК “МУК”
**Anarbay kyzy Uuljan**
Teacher of the Kyrgyz and Russian
Languages department,
ERPC “International University of Kyrgyzstan”
+996 551383003
Uuljananara@gmail.com

# ТАЛАС ГИДРОНИМИЯСЫНДАГЫ БАЙЫРКЫ ТҮРК КАТМАРЫНЫН ЭТИМОЛОГИЯЛЫК КАТЫШЫ

# ЭТИМОЛОГИЧЕСКИЕ СВЯЗИ ВОДНЫХ НАЗВАНИЙ В СОСТАВЕ ДРЕВНЕТЮРКСКОГО ПЛАСТА ТАЛАСКОЙ ГИДРОНИМИИ

# THE ROUTES ANCIENT TURKIC RIVER NAMES IN TALAS VALLEY OF KYRGYZ-STAN

---

***Аннотациясы:*** *Талас гидронимиясынын тарыхый өнүгүүсү кылымдарды кучагына камтыйт жана көптөгөн улуттук маанидеги окуялардын чагылуусу болуп саналат. Бир эле мезгилде байыркы түрк тилинин өзгөчөлүктөрүн өзүнө синирген түрк доорунун эстеликтери болуп да саналмакчы. Ошондой эле Талас гидронимиясынан орун алган айрым гидронимдер кыргыз элинин өткөн кылымдардагы дипломатиялык ишмердүүлүн жана элибиздин башка элдер менен болгон алакасын ачыктай алат. Бул макалада изилдөөчү Талас гидронимиясынын составындагы гидронимдердин басымдуу бөлүгү түрк тилдеринин негизинде жасалгандыгын көптөгөн конкреттүү мисалдардын негизинде далилдейт.*

***Негизги сөздөр:*** *гидроним, гидронимика, ареал, этноним, маданий-лингвистикалык аспект, психолингвистикалык, дүйнөтааным, семантика.*

***Аннотация:*** *Историческое развитие гидронимии Таласской долины современного Кыргызстана охватывает довольно значительной промежутки времени. Многие местные водные названия восходят к древнетюркскому языку по своему происхождению. В то же время древние названия рек отражает взаимоотношения киргизских племен разными народами в древние времена и являются свидетелями о жизни населения Таласской долины в прошлых веках истории киргизского народа. В этой статьи на основе конкретных имен водных объектов все сторонне интерпретируется и доказывается, что доминантными элементами являются форманты тюркского происхождения.*

***Ключевые слова****: гидроним, гидронимика, ареал, этноним, лингвистический элемент, психолингвистический, миропонимание, семантика.*

***Abstract:*** *The history of the tract of land is now the Talas valley of Kyrgyzstan stretches back to long before the territory was occupied by nomadic Kyrgyz tribes. The earliest evidence of settlement comes from ancient river names us nomadic tribes Turkic people. A considerable number of*

*river-names Talas valley of Kyrgyzstan are pre-Turkic in origin. These are the names for which etymology can be given. The article reveals the essence names of the more important rivers, for instance, are predominantly ancient Turkic origin.*

***Keywords:*** *hydronym, hydronymica etymon, area, concept, ethnic culture, linguistically culture aspect, psycholinguistics, perception of the world, stored in the memory, semantic nuclear.*

Азыркы Талас обулусунун аймагында жашаган жергиликтүү калк жалпы эле түрк урууларына, алардын тилине жакындыгы бар экендиги жана эски түрк тилдик абалынан сакталып калган элементтерди алып жүрө тургандыгы бизге белгилүү болгон чындык (1,10). Талас гидронимиясынын мындай лингвистикалык уникалдуулугу жалпы эле кыргыз элинин жана тилинин тарыхындагы көз жаздымда калган маанилүү жактарын айкындамакчы. Биз төмөндө Талас гидронимиясынын сосьавында азыркы күнгө дейре сакталып калган айрым байыркы гидронимдерге токтолуп өтмөкчүбүз.

Албетте түркий тилдер тутумунда арбын жолугуучу агач//йыгач этимону көптөгөн суу аталыштарына негиз катары кызмат кылгандыгы менен баалуу. Ала турган болсок гидроним **Агачтуу** Талас агын сууларынын системасына кирүүчү дарыянын аталышы. Бул гидронимдин биринчи компоненти болуп саналган **агач//йыгыч** сөзү кыргыз түркологдорунун арасында кайчы пикирлердин туулушуна себепкер болуп саналат. Белгилүү окумуштуу К.М.Мусаев жалпы эле түрк тилдериндеги агач лексемасы жөнүндө өз оюн төмөндөгүдөй жыйынтыктайт: «Слово агач имеется во всех тюркских языках, поэтому оно выступает как общетюркское, вместе с тем различается по семантике в разных ареалах» [7,167] Э.В.Севортяндын сөздүгүндө агач сөзү «дарак» маанисиде чечмеленет [9,71-73]. Ал эми кыргыз окумутуусу Ж.Мукамбаевдин диалектологиялык сөздүгүндө агач сөзү лейлек говорунда өсүп турган дарак маанисинде колдонула тургандыгын белгилеген. Белгилүү топонимист К.К.Конкобаев жогорудагы тилчи окумуштуулардын оюна кошулат [6,23]. Бир эле учурда Н.Жапаров жогоруда айтылган окумуштуулардын пикирине кошулбай тургандыгын ачыктайт. Аталган окумуштуунун ою боюнча агач формасы редукцияга учураган йыгач этимону болуп саналат.

Келтирилген окумуштуулардын айткан ойлорунун чындыкка жакын экендигин атты алып жүрүүчү объектинин географиялык жана мейкиндиктеги абалы далилдейт. Анткени, Талас аймагында Агача, Агачты, Агачтуу сыяктуу агынсуулардын аталыштары көп жолугат жана айланасында дарактардын жыш өскөндүгү менен айырмаланат.

Биз талдоого алып жаткан гидронимге уланган -туу (лыг) мүчөсүн академик Б. Орузбаева байыркы Орхон-енисей таш жазууларынын тили менен байланыштырат. Жогоруда айтылган морфема «мол, же болбосо аябай көп» деген маанини билдирет. Окумуштуунун айтымына Караганда, эски түрк тилинен сакталган –лыг мүчөсү азыркы молдукту билдирүүчү –луу мүчөсү менен топонимдердин гана составында сакталып калган сенек формасындагы –ты (Тегирменти, Кегети, Соготу ж.б.) мүчөсүнү ортосундагы убактылуу көрүнүш болуп саналат [8,80-92].

Ал эми Талас гидронимиясынын байыркы катмарына тиешелүү **Адыр-Булак** Талас агын сууларын түзүп туруучу анчалык чон эмес өзөндүн аталышы катарында келет. Гидроним кыргыз тилинин составында сакталып калган эски түрк тилинин элементи болуп саналат. Эски түрк тилиндеги адыр сөзү азыркы кыргыз тилиндеги айыр сөзү менен маанилеш болуп саналат. Тилчилер тарабынан эбак эле далилденген з/д/й алмашуулары (азак/адак/айак) түрк тилдеринин эволюциясына мүнөздүү экендиги бул биз анализ кылып жаткан гидронимден дагы бир ирет ачык көрүнөт. Объектинин географиялык мүнөздөмөсү айыр сөзүнүн маанисине жакындашат. Анткени, анткени аталган гидрообъектинин тескей тарабы көптөгөн айрым-айрым бөлүнгөн жылгалардан турат. Дагы бир айтып кете турган маанилүү фактор, бул морфема Енисей-орхон жазма эстеликтеринин составында адырылдым «айрылдым» маанисинде жолугат.

Талас гидронимиясындагы **Айкыр** формасындагы байыркы аталыш Талас обулусунундагы агын суулардын мөң гүлүү агынсуунун аталышы. Бул гидронимдин аталышы топонимдердин арасындагы метонимия кубулушун мүнөздөөчү бир көрүнүш. Анткени, гидрообъектинин компоненттик составы болуп саналган бир асканын бузулуусу мөң гүдөн агып түшүүчү дарыянын агымын бөгөп калуусунан пайда болгон анчалык чоң эмес көлдүн жана кырдын аталышы бүтүндөй өрөөнгө таралуусунан келип чыккан туунду гидроним болуп саналат.

Албетте гидронимдин биринчи компонентин түзүп турган ай лексемасы жердин орбитасындагы кошумча чоң өлчөмдөгү кометанын кыргыз тилиндеги аталышы. Дарыянын жана анчалык чон эмес көлмөнүн эл тарабынан мындай атка конушу анын дең из дең гээлинен өтө бийикте жайланышуусу жана ай нурунун тике тийгендигинен жаркыроосу себеп болушу мүмкүн. Экинчи компонентин түзүп турган кыр гидроними негизги номинациялык функцияны алып жүрөт.

Өзүнүн составында байыркы гидронимди сактап келген Ак-Жар Талас агын суулар системасындагы анчалык чоң эмес дарыянын аталышы. Гидронимдин биринчи компоненти катары кызмат кылып жаткан ак сөзү бул жерде аталган географиялык объектинин түсүн билдирүү үчүн колдонулгандыгын аныктоо анчалык кыйынчылыкты туудурбайт. Гидронимдин экинчи элементи катары каралып жаткан жар лексемасы кыргыз тилинин синхрондуу абалында дарыянын кайсы бир бөлүгүнүн сүрүлүүсүнүн же көчүп кетүүсүнү натыйжасында пайда болгон бийик жар маанисинде колдонулат.

Ошондой эле **Орол-Сай** сыяктуу татаал формада кездешкен гидроним Талас агын сууларынын системасына кирүүчү бийик чокулуу тоолордун ортосунда жайланышкан кичинекей өзөндүн жана булактын аталышы. Биздин оюбузча бул гидронимдин мисалында түрк тилдеринин тарыхындагы Алтай доорунун бир тилдик фактысы менен кездешип отурушубуз мүмкүн. Анткени, Түндүк Казакстандан тартып Россия Федерациясына чейин созулган Урал агын сууларынын аталышы жогоруда биз тарабынан келтирилген термин менен байланышы бар деп ойлойбуз.

Дагы бир кыргыз гидронимиясынын өткөн доорунан кабар берген Жайык гидроними Талас обулусунун жер-суу аталыштар системасындагы ири жайлоодо жайланышкан агын суунун аталышы. Бул гидронимдин диахронологиялык абалы жөнүндө К.Конкобаевдин жана Н.Р.Жапаровдун [6,11] изилдөөлөрүндө кең ири сөз болгон. Элдик этимологиянын айтымында жайлоонун жана агын суунун аталышына азыркы кыргыз тилиндеги жайылган сөзү негиз болгон деген туура эмес уламыш айтылып жүрөт.

Жайык сөзү азркы кыргыз тилиндеги жайлоо сөзүнүн байыркы формасы экендигинде анчалык деле күмөндүү нерсе жок. Эски түрк тилиндеги йайлаг сөзү өзүнүн фонетикалык калыбын аталган обьектинин географиялык абалына жараша фонетикалык жактан анчалык өзгөрүүгө учураган эмес. Аты аталган агынсуунун мааниси ага жакын жайлашкан жайлоолордун көптүгү менен дагы бир ирет тастыкталат.

Талас гидронимиясындагы байыркы катмардын өкүлү болуп саналган **Сар-Жылга** Талас агын сууларынын курамында анчалык чоң эмес суунун аталышы. Гидронимдин биринчи компоненти адаптацияга учураган сары сөзү болсо керек деген жергиликтүү элдин божомолдоосу да азыркы күндө жашап келет. Бирок мындай божомолдоону тастыктай турган физико-географиялык далил аталган географиялык объектинин составында жолукпайт. Ошондой эле гидронимди түзүп турган компонеттердин фонетикалык адаптациясынын негизинде семантикалык жылышуулардын болушу жалпы эле ономастикалык көрүнүш болуп саналат. Гидронимдин фонетикалык жана морфологиялык составына этимологиялык жактан көз жүгүртө турган болсок биз башка бир тилдик фактылар менен таанышабыз. Кыргыз тилинин топонимиялык тармагында жолугуучу сар компоненти кыргыз топонимистери Д.Исаев жана К.К.Конкобаев тарабынан иран жана тажик тилдеринен кирген катмарга тиешелүү морфема катарында көрсөтүлөт. Бирок бул тополексема кыргыз тилиндеги “чоң ” маанисиндеги зор сөзү болушу да мүмкүн. Ал эми анализденип жаткан орноимдин кезектеги

составдык бөлүгү катары келүүчү жылга топоформанты эски түрк тилдик абалга тиешелүү болгон йылгак маанисинде колдонулган [6,17]. Ал эми ага уланып турган –га топоформанты эски түрк тилиндеги сөз жасоочу –гак аффиксинин редукцияга учураган формасы болуп саналат. Жыйынтыктап айтканда, булактарга бай өрөнгө колдонулуучу гидроним болуп эсептелинет.

Талас гидронимиясындагы дагы бир байыркы катмарды манифестациялоочу **Сары- Булак** гидроними Талас агын сууларынын курамында анчалык чоӊ эмес суунун жана өрөөндүн аталышы. Топонимдин биринчи компоненти болуп саналган сары (саруу уруусу) сөзү этноним, ал эми экинчи компоненти булак сөзү болсо керек деген жергиликтүү элдин божомолдоосу да азыркы күндө жашап келет. Бирок мындай божомолдоону тастыктай турган физико-географиялык далил катарында жолугуучу физико-географиялык айырма байкалбайт.Ошондой эле топонимди түзүп турган компоненттердин фонетикалык адаптациясынын негизинде семантикалык жылышуулардын болушу жалпы эле ономастикалык көрүнүш болупсаналат. Биздин оюбузча сары сөзү алтын маанисинде колдонулушу мүмкүн. Н. Жапаровдун айтымында сар//зар сөздөрү мурдагы кылымдарда алтын маанисинде колдонулган.

**Адабияттар:**


1. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногентетические и историко-культурные связи. Фрунзе1990. 479 с.
2. Акматов Н. Ысык-Көл облусунун топонимиясы // Автореферат. Бишкек, 2010.
3. Джапаров Н.Р. Гидронимия Кыргызстана. Канд. диссертация на соискание ученой сте-пени кандидата филол. наук. Бишкек, 2006.
4. Древнетюркский словарь. Ленинград 1969 г. 676с.
5. Исаев Д. Жер-суу аттарынын сыры. Фрунзе 1977 г. 159с.
6. Конкобаев К. Топонимия Южной Киргизии. Фрунзе, 1980.
7. Мусаев К.М. Лексика тюркских языков в сравнительном освещении. М., 1975.
8. Орузбаева Б.О. Сөз (сөздүн түзүлүшү). Бишкек 1994.259с.
9. Севортян Э.В. Этимологический словарь тюркских языков (общетюркские и межтюрк-ские основы на гласные) М. 1974.